Бишкек шаарындагы
А. Каниметов атындагы
№ 1 жалпы билим берүүчү
гимназия-интернатынын
16-май, 2020-жылдагы
онлайн педагогикалык
кеңешмесинин

## № 12 протоколу

Күн тартиби

Каралуучу маселелер:

1. 2019-2020-окуу жылында гимназия-интернатта билим алган окуучулардын IV чейрегин онлайн ыкмасы менен баалоо жана окуучулардын жылдык бааларын чыгаруу

2. Бүтүрүүчү класстар: IX кл. жана XI кл. окуучуларына жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны тапшырууга уруксат берүү жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны онлайн ыкмасы менен уюштуруу, бүтүрүүчүлөрдүн билим сапатын баалоо

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасына жана „Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине Бишкек шаардык Билим берүү башкармалыгына сунуштоо

4. Гимназия-интернатты жаңы 2020-2021-окуу жылына даярдоону уюштуруу, класстардын жана окуучулардын саны, орундоо иштери

Катышкан педагогдордун саны: 63
Онлайн каттоодон өттү: 63

Педагогикалык кеңешмененин жүрүшү: Гимназия-интернаттын директору Н. Байматов педагогикалык кеңешмени ачып, төмөндөгүдөй билдирүү жасады: „2019-2020 окуу жылынын III чейрегинде КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 14-март, 2020-жылдагы №28.. буйругунун негизинде КРнын Билим берүү мекемелериндө мөөнөтүнөн мурда окуучуларды каникулга кетирүүгө муктаж болдук. Ошондой эле, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 26-март, 2020-жылдагы №326/1 буйругу менен бардык билим берүү мекемелеринде окуучулардын окуу программаларын аткаруу максатында аралыктан (дистанттык) билим берүү технологиялары (маалыматтык жана телекоммуникациялык) аркылуу окуу программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылуу боюнча билим берүү мекемелеринин администрациясына милдеттендерилди жана гимназия-интернаттын бардык педагогдору онлайн режиминде ар кандай видео-сабактарды өтүштү. Ар бир сабак берген педагог окуучуларга жана алардын ата-энелерине онлайн сабактардан сырткары дагы КР Билим берүү жана илим министрлиги Коомдук Телерадио берүү Корпорациялары менен биргеликте „Балдар“, „Санат“ ТВ“, „ЭлТР“, „Билим Илим“ каналдары аркылуу видео-сабактар уюштурулуп, өз убагында берилип турду жана бул сабактардын өтүү графиктерин өз убагында ата-энелерге класс жетекчилер, тарбиячылар тарабынан маалымдалып турду. Окуу жылын жыйынтыктоо максатында Билим берүү жана илим министрлигинин 11-май, 2020-жылдагы №361/1 буйругу жарык көрдү. Бул буйрукта 2019-2020-окуу жылы КРдагы бардык билим берүү мекемелеринде 2020-жылдын 30-майында аяктоосун

милдеттендерди жана 2019-2020-окуу жылын жыйынтык-
тоо боюнча КР Билим берүү жана илим министрли-
гинин атайын көрсөтмөсү (инструкция) таркатылган.
Бул көрсөтмөгө ылайык, бүгүнкү болуп жаткан онлайн
педагогикалык кеңешмеси өткөрүлүп жатат. Бүгүнкү педаго-
гикалык кеңешмеде, күн тартибинде төрт маселе ка-
ралат. Күн тартибинин регламенти сиздерге алдын
ала берилген жана 25-майдан 30-майга чейин IV чейрек-
ти жыйынтыктоочу жумалык болору эскертилген.
Биринчи маселе: 2019-2020-окуу жылындагы гимназия-интер-
натта билим алган окуучулардын IV чейрегин онлайн ык-
масы менен баалоо жана окуучулардын жылдык бааларын
чыгаруу.
Каралган маселе боюнча директордун окуу тарбия иштери
боюнча орун басары Ш.К. Майтыкова төмөндөгүлөргө токтолду:
Бул маселе боюнча бардык класс жетекчилерге, класстарда-
гы окуучулардын IV чейрегин 25-майдан 30-майга чейин
онлайн ыкмасы менен предметтик мугалимдердин
чейректерди чыгаруусун уюштурууну камсыз кылууну
милдеттендерилет. Класстагы жалпы окуучулардын
чейректери чыгарылгандан кийин, атайын протоколдун
негизинде ОТИ завучуна отчёт торуңуздарды тапшырасыз-
дар. Мектеп документациясына окуучулардын жыйын-
тыктоо бааларын коюп чыгуу, ОТИ завучунун уруксаты
аркылуу жүргүзүлөт. Ал эми предметтик мугалимдер
болсо, окуучулардын чейректик жана жылдык бааларын
чыгарууда, окуучунун жыл ичиндеги жөндөмдүүлүгүнө
көңүл бурууларын зарыл. Себеби, окуучу билим алуунун
ар кандай жолдоруна тартылгандыгын эске алынуусу
керек.
Алар төмөнкүлөр:
жыл бою сабак өздөштүрүүсү;
предметтик жана илимий кружокторго катышуусу;
спорттук кружокторго катышуусу;

олимпиадаларга катышуусу;
окуучу өзүнө пайдалуу иш-чараларга кызыгуусу ж.б.
Эгерде окуучунун билим сапаты канааттандырарлык эмес болуп, атайын педагогикалык кеңешменин чечими менен кошумча тапшырмалар берилип, билим сапатын кайрадан баалоого туура келет. Кошумча тапшырмаларды окуучу аткарууга аракеттенсе, анда педагогикалык кеңешменин чечими менен кийинки класска көчүрүлөт - деп, сөзүн жыйынтыктады жана күн тартибинде каралган маселе боюнча, класстар талкууга алынды.
1. 5-„А" класс, жалпы-20, класс жетекчи Эгембердиева Т.Т.
2. 5-„Б" класс, жалпы-23, класс жетекчиси Аблабекова Н.К.
3. 5-„В" класс, жалпы-20, класс жетекчиси Таалайбекова М.Т.
4. 6-„А" класс, жалпы-22, класс жетекчиси Мамутова Н.К.
5. 6-„Б" класс, жалпы-27, класс жетекчиси Кыдыралиева Ч.Ч.
6. 6-„В" класс, жалпы-25, класс жетекчиси Сыдыкова З.Т.
7. 7-„А" класс, жалпы-22, класс жетекчиси Нурдин к.А.
8. 7-„Б" класс, жалпы-25, класс жетекчиси Асамбаева Т.С.
9. 7-„В" класс, жалпы-23, класс жетекчиси Калыбай к.Г.
10. 8-„А" класс, жалпы-25, класс жетекчиси Кенжеева Э.Ж.
11. 8-„Б" класс, жалпы-22, класс жетекчиси Доолотбаева Н.О.
12. 8-„В" класс, жалпы-24, класс жетекчиси Токтаунова Г.
13. 10-класс, жалпы-19, класс жетекчиси Ырысмамбетова К.
2019-2020-окуу жылынын IV чейрегин гимназия-интернаттын 369 окуучусу аяктады. Анын ичинен 72 окуучу 9, 11-класстардын бүтүрүүчүлөрү. 297 окуучу 5-8, 10-класстарынын окуучулары. Каралып жаткан маселе боюнча, 297 окуучунун чейректери чыгарылып, кийинки класстарга көчүрүлөт. Класс жетекчилердин берген маалыматтары боюнча, бардык окуучулар онлайн сабактарга катышты. Чейректери чыкпай кала турган окуучулар жок. Бардык класс жетекчилердин тапшырылган милдеттерди аткаруусун суранам. Ар бир окуучунун ата-энеси

-те жоопкерчиликтүү адамга окуучунун чейректерин жана класстан класска көчүрүлүүсү боюнча толук маалыматты өз убагында жеткирүүсүн;

Азыркы биздин алдыбыздагы милдетибиз, бардык класс жетекчилердин берген маалыматтары боюнча КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин нускамасына ылайык окуучулардын класстан класска көчүрүлүүсү гимназия-интернаттын атайын буйругу менен бекитилет.

Бардык класс жетекчилерден билдирүүсү боюнча класстардагы бардык окуучулар онлайн сабактарга катышышты, предметтик мугалимдер менен байланышта болушту, бардык окуучулардын чейректери чыгарылат жана класстарынан көчүрүлөт. Окуу программасынын аткарылышы боюнча 27-майдан 30-майга чейин бардык предметтик мугалимдер жана класс жетекчилер атайын түзүлгөн графиктин негизинде мектеп документацияларын толтурушат деп ОТИ боюнча директордун орун басары Ш.К. Майтыкова бүгүнкү маселени жыйынтыктады.

Ушул эле каралган маселе боюнча методист Исаева Ж.К. КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №362/1 буйругу менен тааныштырып, кезектеги класска көчүрүү тартиби тууралуу маалымат берди: 2019-2020-окуу жылын аяктоонун тартиби боюнча нускамага ылайык, жалпы билим берүү уюмдары март айында каникулга эрте чыккандыгына, май айындагы майрамдарга байланыштуу жана окуучулар программаны толук түшүнүп өздөштүрүшү үчүн быйылкы окуу жылы 30-майда аяктай тургандыгын билдирди. Төртүнчү чейрек мектептерде аралыктан окутулгандыктан, 5-8, 10-класстар үчүн быйыл көчүрүү сынактары болбойт. Ага ылайык кийинки класска көчө турган класстардын класс жетекчилери тарабынан окуучулардын тизмеси такталып, буйрук

чыгарууга ОТИ завучу Ш.К. Майтыкова берип тур-гандыгын эскертти.
Экинчи маселе: Бүтүрүүчү класстар: IX кл жана XI кл окуучуларына жыйынтыктоочу мамлекеттик аттеста-цияны тапшырууга уруксат берүү жана жыйынтык-тоочу мамлекеттик аттестацияны онлайн ыкмасы менен уюштуруу, бүтүрүүчүлөрдүн билим сапатын баалоо.
Күн тартибинде каралган экинчи маселе боюнча, ОТИ боюнча директордун орун басары Ш.К. Маитыкова талкуулоочуларго токтолду:
КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №361/1 буйругу менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча 2019-2020-окуу жылы үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өт-көрүү тартиби тууралуу Убактылуу ЖОБОсу менен тааныштырып, талкуулоо маалыматтарды берди:
2019-2020-окуу жылынын жыйынтыгында 9, 11-класс-тарда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы аталган ЖОБОнун негизинде уюштурулуп өткөрүлөт.
Өлкөдөгү болуп жаткан кырдаалга байланыштуу 9, 11-класстардын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик сынактарды тапшыруу форматы бөлөк жолдогудан ишке ашырылат.
Алардын жалпы жетишкендиктерин эске алуу менен атайын түзүлгөн предметтик мамлекеттик комиссия экзамендик бааларды коёт.
Билим берүү жана илим министрлиги мындай чечимди биринчи кезекте окуучулардын коопсуздугу, сала-маттыгы үчүн кабыл алды. Ошондой эле бүтүрүүчүлөрдө ЖРТго көбүрөөк убакыт ачыратып, жакшылап даярда-нууга мүмкүнчүлүк жаралды.
Министрлик сунуштаган формат боюнча биздин

гимназия-интернатта текшерүү буйруктун жана убактылуу тобунун негизинде предметтик комиссиялар түзүлөт. Алар бүтүрүүчү класстын окуучусун текшерүү, практикалык, лабораториялык иштеринин жыйынтыктарын жана чеберчилик, жазуу жолдук, жолдук жетишкендигин эске алуу менен жыйынтыктоочу экзамендик баасын коюшат.

Эгер окуучу же алардын ата-энелери (же аларды алмаштыруучу адамдар) жалпы мамлекеттик аттестацияда коюлган баага макул эмес болсо, апелляциялык комиссияга кайрыла алат. Апелляциялык комиссия жобо ылайык арызды карап чыгат.

Жалпы мамлекеттик аттестация 2-июндан 13-июнга чейин беш предметтен өтөт. 9,11-класстар үчүн ЖМАнын расписаниеси түзүлүп, ал боюнча предметтик комиссия (ПК) баалоо процессин жүргүзөт 9,11-класстардын окуучуларынын ар бири үчүн класс жетекчилер тарабынан тапшырмалар папкасы жана ЖМА боюнча класстык маалымат папкасы уюштурулуп, ПКга сунушталат.

9,11-класстар үчүн ЖМА өткөрүлө турган предметтер боюнча методист Ж.К. Мусаева төмөндөгүдөй билдирүү жасады;

Жобонун IV бөлүмүнүн 24-сапчасына ылайык ПК (предметтик комиссия) 9-класстын негизги жана жалпы билим берүү программалары боюнча төмөнкү предметтерден ЖМАны өткөрөт;

1. Математика (алгебра)
2. Кыргыз тили
3. Кыргызстандын тарыхы
4. Орус тили

Жобонун IV бөлүмүнүн 25-сапчасына ылайык ПК (предметтик комиссия) 9-класстын негизги жана жалпы билим берүү программалары боюнча

төмөнкү предметтерден ЖМАны өткөрөт;
1. Математика (алгебра)
2. Кыргыз тили
3. Кыргызстандын тарыхы
4. Орус тили.

Ошондой эле Жобонун IV бөлүмүнүн 26-санчасына ылайык, терендетеп окуткан предметтерден 9, 11-класстар үчүн гимназия-интернат өз алдынча тандоо предметин аныктап алуу укугуна ээ экендигин айтуу менен, азыр 5-предметти тандоо керектигине токтолуп, педагогдордон сунуш берүүнү өтүндү.

ОТЧИ завучу гимназия-интернаттын 2019-2020-окуу жылы үчүн бекитилген окуу планындагы терендетеп окутуу үчүн саат бөлүнгөн предметтерден тандоо керектигин эскертти.

9-А класстын класс жетекчиси Э.Б Акматалиева 9-класстар үчүн окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын эске алуу менен адам жана коом предметин тандоо экзамени катары кабыл алууну сунуштады.

Физика мугалими Б.Ж. Адамалиев 11-класстар үчүн физика предметине терендетип окутуу үчүн 1 саат тандоо предмети катары киргизүүнү сунуштады.

Экинчи маселе боюнча методист Мусаева Ж.Ж. ЖМАны тапшырууга уруксат берилген окуучулардын санын дагы бир толук тизме боюнча тактады жана 9-А класстын класс жетекчиси Э.Б. Акматалиева: 19 окуучу, 9-Б класстын класс жетекчиси Т. Турусбекова - бардыгы 21 окуучу, 1 окуучу Элмурбай у.Б экзаменге киргизилбей тургандыгын, 9-В класстын класс жетекчиси Ж.Н. Ырысбекова 21 окуучу киргизиле тургандыгына токтолушту, ал эми 11-класстын класс жетекчиси Т.М. Шабданбекова - 11 окуучу ЖМАга киргизиле тургандыгын билдирди.

Методист Мусаева Ж.Ж. экзамен күндөрү тизмедеги бүтүрүүчүлөрдүн экзамендик комиссия менен онлайн систе-

маалында өз убагында байланыш түзүүсүн көзөмөл-
доп турууну бардык класс жетекчилерге жана
тарбиячыларга милдеттендирди.
Үчүнчү маселе боюнча Окуу-тарбия иштери боюнча
директордун орун басары Майтыкова Ш.К. сөз сүйлөп,
„Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине тарых,
адам жана коом мугалими Эгембердиева Таалайбү
Тургунбаевнаны көрсөтүп, бул мугалим өз ишин
мыкты билген, башка педагогдорго үлгү боло турган
инсан экендигин айтып, сыйлыкка татыктуу
экендигин кошумчалады.
Ошондой эле методист Мусаева Ж.К. Билим
берүү жана илим министрлигинен Ардак грамота-
сына кыргыз тили жана адабияты мугалими
Г.С. Токтосунованы сунуш кылып, бул педагогдор өз
иштерин жакшы билген, жаш муундарга билим
берүүдө жана тарбиялоодо мыкты эмгектенишерин
айтып өттү. Педагогикалык жамаат сыйлыкка көр-
сөтүлгөн мугалимдерге каршы эместигин билдиришти.
Төртүнчү маселе: Гимназия-интернатты жаңы
2020-2021-окуу жылына даярдоону уюштуруу, класстар-
дын жана окуучулардын саны, оңдоо иштери.
Каралган маселе боюнча директор Н. Байматов
төмөндөгүдөй билдирүү жасады: Гимназия-интернатты
жаңы 2020-2021-окуу жылына даярдоону уюштурууда
мүмкүн болушунча аткарыла турган иштерди
пландаштырып алышыбыз керек.
1. Эң алды менен оңдоого муктаж болгон жер-
лерди оңдоп, актап, сырдап, эмеректерди оңдоп,
балдар окуй турган бөлмөлөргө, жашай турган жата-
канага, тамак иче турган ашканага, даараткана-
ларга, кир жуучу жайга жана балдардын мончосуна
санитардык гигиеналык талапка жооп бере тур-
гандай кылып, уюштуруу иштерин аткарышыбыз
керек. Бул жумушту ар бир администрация

мугосу өзүнө бекитилип берилген имараттарга жана сырткы территорияларга мүмкүн болушунча жоопкерчиликтүү болушат. Тилекке каршы, быйылкы 2020-жылы мамлекет тарабынан оңдоо-түздөө иштерине акча каражаты каралган жок. Ошол себептен мүмкүн болушунча колубуздан келген иштерди аткарышыбыз керек. Окуу имаратына завучтар Ш. К. Майтыкова, Н. Ө. Доолотбаева. Жатаканаларга ууу тарбиячы М. Омурзакова, ашканага башкы ашпозчу У. Кокумбеков, мончого жана кир жуучу жайга кастелянша С. Солпиева жоопкерчиликте болушат. Бардык керектүү материалдар менен камсыз кылуучу чарба иштери боюнча директордун орун басары Кайбылдаев Рахатка милдеттендирем.
Бул биздин жаңы окуу жылына карата даярдыктын эң керектүү учуру.
2. Класстарды топтоо: бул маселе боюнча Ш. К Майтыкова тамондогуларго токтолду: Быйылкы окуу жылын 368 окуучу менен аяктап жатабыз, анын ичинен 71 окуучу бүтүрүүчү класстар. Класстардагы окуучулардын саны 20-25ке чейин. Эгерде класстардан эндиги окуу жылына окуучулар келбей калса кыскартууга туура келет. же болбосо 15 же 16 эле класс окуучу болуп калат. Ошол себептен биз 22 же 23 класс окуучу менен окуу жылын баштоо үчүн. 100 окуучунун тегерегинде жаңы балдарды кабыл алуубуз керек. Эгерде биз, бул көрсөткүчтү кабыл албай калсак, мугалимдерден жана тарбиячылардан кыскартууга туура келет. Жайкы каникул мезгилинде педагогдор профориентациялык иш жүргүзүшүп, окуучуларды кабыл алууга жардам бербесе мугалимдердин жана тарбиячылардын контингентин сактабай калышы мүмкүн жана бул эң оргундуу маселе болуп жатат деп сөзүн аяктады.

Гимназия-интернаттын өткөргөн онлайн жалпы педагогикалык кеңешмеси каралган маселелер боюнча төмөндөгүдөй чечим кабыл алды.

Чечим:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №362/1 буйругунун негизинде 5-6-7-8- жана 10-класстардын 297 окуучусу көчүрүү сынактарысыз жылдык баанын негизинде гимназия-интернаттын буйругу менен кийинки класстарга көчүрүлсүн жана класс жетекчилер тарабынан ар бир ата-энеге толук маалымат берилсин. Атайын бекитилген графиктин негизинде окуу планынын аткарылышы тууралуу мектеп документациялары толтурулсун.
2. 2019-2020-окуу жылы үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби жөнүндө Убактылуу ЖОБОнун III бөлүмүнүн 15-пунктуна ылайык 9-А, Б, В класстарынын 60 окуучусу, 11-класстын 11 окуучусу ЖМАны тапшырууга уруксат берилсин.
3. 9-„Б" класстын окуучусу Элмурбай уулу Бактыбек 19.09.2019-жылдан бери эч себепсиз сабакта жок болгондуктан (Баткен областына кетип калган Биринчи май ИИББ кат жөнөтүлгөн-жообу жок ИДН) окуу программасын өздөштүргөн жок, ошол себептен ЖМА тапшырууга уруксат берилбейт.
4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга карата даярдык, уюштуруу иштерин КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №361/1 буйругуна, Убактылуу ЖОБОго ылайык жүргүзүлсүн.
5. 2019-2020-окуу жылы үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби жөнүндө Убактылуу ЖОБОнун IV бөлүмү-

нун 26-санчасына ылайык, тереңдетип окуткан предметтерден 9-класстар үчүн адам жана коом 11-класстар үчүн физика тандоо предмети катары аныкталып, 5-экзамен катарында баалоо жүргүзүлсүн.

6. ЖМАнн уюштуруудагы техникалык жактан жардам берүү жана ЖМА өткөрүү жөнүндө маалыматты мектептин сайтына жайгаштыруу жоопкерчилиги тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Н.О. Доолотбаевага жана уюштуруу иштери боюнча жетекчи Жаныбек у. Кубанычка милдеттендирилсин.

7. ЖМАны өткөрүү үчүн окуу кабинеттерин даярдоо (дезинфекция, санитардык-гигиеналык режим, коопсуздук маселелери) окуучуларды алардын ата-энелерин (же аларды алмаштыруучу жактарды) ЖМАнын жыйынтыгы менен убагында тааныштыруу жоопкерчилиги бүтүрүүчү класстардын класс жетекчилерине милдеттендирилсин.

8. Жаңы окуу жылына даярдыкты уюштурууну окуу имаратына завучтар Ш.К. Майтыкова, Н.О. Доолотбаева. Жатаканаларга улуу тарбиячы М. Омурсакова, ашканага башкы ашпозчу У. Кокумбеков мончого жана кир жуучу жайга кастелянша С. Солиеванын жоопкерчиликтери милдеттендирилет. Бардык керектүү материалдар менен камсыз кылуу чарба иштери боюнча директордун орун басары Кайбылдаев Рахатка милдеттендирилсин.

9. 2020-2021-окуу жылына карата окуучулардын саны 24 класска чейин жеткирилсин жана гимназия-интернатка окуучуларды кабыл алууга үгүттөө иштерин жүргүзүүнү ар бир педагогго милдеттендирилсин жана бул боюнча август айындагы педагогикалык кеңешмеде үгүт иштери боюнча педагогдордун билдирүүлөрү угулсун (отчёт

10. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сыйлыктарына: „Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине тарых, адам жана коом мугалими Эгембердиева Таалайбү Турганбаевна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана (адабияты мугалими) илим министрлигинин Ардак грамотасына кыргыз тили жана адабияты мугалими Токтосунова Г. С. көрсөтүлсүн.

11. Бишкек шаардык мэриясынын, шаардык кеңештин, Билим берүү башкармалыгынын, Биринчи май райондук акимчилигинин жана райондук билим берүү борборунун грамоталарына жана сыйлыктарына сентябрь айында сунуштоо усулдук бирикме жетекчилерине милдеттендирилсин.

Чечим добушка коюлду: Онлайн режими менен педагогдордун коюлган ойлору жана добуш берүүсүнө үч күн мөөнөт берилет. 19.05.2020-жылы акыркы күн.

макул - 63.
Каршы - 0.
Калыс - 0.

Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Директор: Байматов Н.Б

Катчы: Батыралиева Ж.Б.